**Ош Мамлекеттик Университети**
**Эл аралык медицина факультетинин Окуу методикалык кеңешинин кеңейтилген жыйынынын**

№-3 ПРОТОКОЛУ

26.11.22 ж. Ош шаары

Окуу методикалык кеңешинин төрайымы: Салиева Р.Ш.
Окуу методикалык кеңешинин катчысы: доц. Базиева А.М.

Катышкандар: 21 (ЭМФ деканы, декандын ОИ боюнча орун басарлары, кафедра башчылары, кафедралардын ОМИ боюнча жооптуулары)
Келбегендер: 1 (себептүү)
Чакырылгандар: жок

КҮН ТАРТИБИНДЕ КАРАЛУУЧУ МАСЕЛЕЛЕР:
3.1 Сабактардын окутуучуларын шайлоонун жыйынтыгын талкуулоо

3.2 Студенттердин калдык билимдерин текшерүүнүн жыйынтыгын чыгаруу

3.3. ЖОЖдун рейтингдик-маалыматтык базасын толтуруу абалын талдоо (илимий иштер, окуу-методикалык каражаттар, квалификацияны жогорулатуу ж.б.);

3.4. Кызыкдар тараптар менен иштөөнүн натыйжалары

3.5. Ар түрдүү

3.1 Сабактардын окутуучуларын шайлоонун жыйынтыгын талкуулоо

Угулду: Окуу методикалык кеңешинин төрайымы Салиева Р.Ш. күн тартиби менен тааныштырды жана регламент бекитилди.

Биринчи маселе боюнча Эл аралык медицина факультетинин декандын Окуу иштери боюнча орун басары, Исмаилов И.Д. сөзгө чыкты: 2022-2023 – окуу жылында, ОшМУ дүйнөлүк билим системасына толук интеграция болуунун максатында Болон системасынын принциптерин ашыруу үчүн ОшМУнун эл аралык медицина факультетинде окуу курсун жана окутуучуну тандоо жүргүзүлгөнүн айтты. Тандоо (шайлоо) ноябрь айынын экинчи жумасында, практикалык сабактарга уюштурулду. Тандоого жайкы кабыл алуудан биринчи курстан жалпы 602 студент катышты. Тандоо онлайн жүргүзүлдү. Студенттер окуу дисциплинанын аннотациясы, окутуучулардын видеоролики, резюмеси менен таанышып, өздөрү каалаган окутуучусун тандашты. Тандоо ачык, айкын өттү, эч кандай арыз түшкөн жок. Ар бир окутуучу тандоонун жүрүшүн жана жыйынтыгын ОшМУнун AVN порталында реалдуу режимде көрүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болду.
Тандоо процедурасынын жыйынтыгын баяндоо үчүн сөз декандын орун басарлары Л.М. Джумаевага сөз берилди.
Тандоо графикке ылайык жүргүзүлдү, ар бир кафедрадан профессорлук-окутуучулар тарабынан маалыматтар 3 тилде берилди.

Талкуу:
Абдурахманов Б., Джолдубаев С., Курбанбаев О.И., Момунова А.А., Турусбекова А., Курбаналиев А., Ысмаилова Р. талкууга катышып, биринчи маселе боюнча төмөнкүдөй ТОКТОМ кылат:
3.1. Эл аралык медицина факультетинин 2022-2023 -окуу жылына 1-курстардын окуу дисциплинаны жана окутуучуларды тандоосун уюштуруусу канааттандыраарлык деп табылсын. Тандоонун жыйынтыгын эске алуу менен кафедралардын окуу жүктөмдөрү эсептелинсин, окутуучуларга бөлуштүрүлсүн. Аткаруу жагы кафедра башчыларына тапшырылсын жана окуу иштери боюнча орун басары И.Дж. Исмаиловдун көзөмөлүнө алынсын.

3.2 Студенттердин калдык билимдерин текшерүүнүн жыйынтыгын чыгаруу

Угулду: Эл аралык медицина факультетинин окуу-усулдук Кеңешинин төрайымы Салиева Р.Ш. ОшМУнун эл аралык медицина факультетинде 2022-2023-окуу жылы үчүн студенттердин калдык билимди текшерүү уюштурулганын айтты. Бекитилген графикке ылайык, 2022-жылдын 3 - ноябрдан 5-ноябрга чейин калдык билимин текшерүү максатында 2-3-4-5-6 курстун студенттерине мониторинг болуп өттү. Ага, жалпысынан ар бир курс үчүн 3 предмет каралып, жооптуу кафедраларга жүктөлгөн. Суроолордун жалпы саны 75, алдын ала бекитилген тесттик суроолор GOOGLE classroom тиркемесине жүктөлгөн. Калдык билимди анализдөөдө студенттердин абсолюттук жана сапаттык жетишүүсу эсептелгенин айтты. ( баяндамасы тиркелет)
Талкуу:
Курбаналиев А., Джумаева Л.М., Момунова А.А., Турусбекова А., Ысмаилова Р. талкууга катышып, биринчи маселе боюнча төмөнкүдөй

ТОКТОМ кылат:
3.2. Студенттердин калдык билимдерин текшерүүнүн жыйынтыктары көңулгө алынсын, текшерүүнүн уштуруусу канааттандыраарлык деп табылсын.

3.3. ЖОЖдун рейтингдик-маалыматтык базасын толтуруу абалын талдоо (илимий иштер, окуу-методикалык каражаттар, квалификацияны жогорулатуу ж.б.);

Угулду: Окуу методикалык кеңешинин төрайымы Салиева Р.Ш. ЖОЖдун рейтингдик-маалыматтык базасын толтуруунун абалы жөнүндө айтты, жеке баракча, ж.б. электрондук базаларды өз убагында толтурбаган окутуучуларга чара каралганын баса белгиледи.

Чыгып сүйлогөндөр : Окуу методикалык кеңешинин мүчөлөрү ар бир кафедранын электрондук базаларды толтуруу бюнча маалыматын билдиришти.
Талкуу:
Талкууга доценттер: Турусбекова А., Курбанбаев О., Ысмаилова Р. , ТИМ кафедрасынын доценти Тешебаева У. катышып, бул маселе боюнча ОшМУнун эл аралык медицина факультетинин 2022-2023 – окуу жылына карата ПО курамы анча активдүү эмес болуп,

толтуруу иштерин күчөтүү керек экендиги айтылды. Сунуштардын негизинде Окуу методикалык Кеңеши
ТОКТОМ кылат:
3.3 ЖОЖдун рейтингдик-маалыматтык базасын толтуруу иштери (илимий иштер, окуу-методикалык каражаттар, квалификацияны жогорулатуу ж.б.) күчөтүлсүн. Бир жума ичинде жеке баракчага болгон маалыматтар жүктөлүп бүтсүн. Аткаруу кафедранын ОМИ боюнча жооптууларга жүктөлүп, кафедра башчыларынын көзөмөлүнө алынсын.

3.4. Кызыкдар тараптар менен иштөөнүн натыйжалары
Угулду : Программа башчысы Момунова А.А. сөзгө чыгышты. ББПлардын стейкхолдерлери менен иш жүргүзүлүп, натыйжада жакшы жыйынтыктар болуп жатканын айтышты. Кызыкдар тараптар менен тыгыз байланыш түзүү, алар менен ОшМУнун миссиясын, НББПнин максаттарын жана натыйжаларын талкууланып, каалоолорун элективдик курстарды иштеп чыгууда эске алынганы айтылды.
Талкуу:
Талкууга доценттер: Ысмаилова Р., Курбанбаев О., Абдурахманов Б., Тешебаева У. катышып, бул маселе боюнча ОшМУнун эл аралык медицина факультетинин 2022-2023 – окуу жылына карата кызыкдар тараптар (ата-энелер, иш берүүчүлөр, ж.б.) менен иштерин күчөтүү керек экендиги айтылды. Сунуштардын негизинде Окуу методикалык Кеңеши
ТОКТОМ кылат:
3.3 Кызыкдар тараптар менен иш жүргүзүү жагы ар дайым кафедра, программа башчыларынын көзөмөлүндө болсун.

3.5. Ар түрдүү

Окуу методикалык Кеңешинин төрайымы: Салиева Р.Ш.
Окуу методикалык кеңешинин катчысы: Базиева А.